Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
жыйынында каралды, протокол № 5
31 01 2023 -ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
К.Ж. Усенов
202 -ж.

## Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын ички аккредитациялоо жөнүндө жобо

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын ички аккредитациялоо жөнүндө жобо ишке ашырылып жаткан орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын (анын ичинде аймактык түзүмдүк бөлүмдөрдү кошо алганда) ички аккредитациялоонун тартибин мамлекеттик билим берүү жана өз алдынча бекитилген билим берүү стандарттарынын талаптарынын негизинде жогорку кесиптик, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууну белгилейт.

1.2. Жобо университетте билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин жөнгө салат, билим берүүнүн сапатын кепилдөөнүн негизги куралы катары ички аккредитациялоо аркылуу билим берүү бөлүмдөрүнө сапатты жогорулатууга жана билим берүү программаларын жакшыртууга көмөк көрсөтөт.

1.3. Өзүн-өзү аккредитациялоо (ички аккредитациялык экспертиза) – бул мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана ЖАМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын талаптарына иштин потенциалынын жана натыйжаларынын шайкештигин белгилөө боюнча университеттин ишмердүүлүгүн изилдөө, талдоо жана баалоонун үзгүлтүксүз процесси.

1.4. Ички аккредитациянын негизги максаттары жана милдеттери:

- билим берүү программаларынын ишинин белгиленген аккредитациялоонун критерийлерине жана стандарттарына, ошондой эле көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана ЖАМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келүүсүн баалоо;
- орто жана жогорку кесиптик билим берүүдө билим берүүнүн жана адистерди даярдоонун сапатын камсыз кылуу жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн илимий изилдөөлөрүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;
- Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги орто жана жогорку кесиптик билим берүүнү эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграциялоо;
- билим берүү бөлүмдөрүнүн башкаруу системасын өркүндөтүү, анда өзүн-өзү уюштуруу системасын өнүктүрүү;
- үзгүлтүксүз өзүн-өзү текшерүү жана пландаштыруу аркылуу билим берүү бөлүмдөрүнүн өнүгүшүнө стимул берүү жана билим берүү программаларын өркүндөтүү;
- университетти калыптандырууга жана өнүктүрүүгө жана билим берүү программаларын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;
- университетти билим берүү ишмердүүлүгүнө кийлигишүүдөн жана академиялык эркиндигин бузуудан коргоо.

1.5. Ички аккредитациялоонун негизги принциптери:

- ички аккредитация системасын уюштуруунун мамлекеттик-коомдук мүнөзү;
- жеткиликтүүлүк (ачыктык);
- объективдүүлүк;
- ички аккредитациядан өтүүдө профилдик кафедралардын тең укуктуулугу.

1.6. Ички аккредитациялоо жүргүзүүдө баалоо объекттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- университеттин миссиясы, максаттары, милдеттери, пландаштыруу жана эффективдүүлүк;
- жетектөө жана башкаруу;
- сапатты камсыздоонун ички системасы, билим берүү программасынын сапаты;
- ресурстар: материалдык-техникалык, маалыматтык-китепкана базасы;
- профессордук-окутуучулук курамы жана окутуунун натыйжалуулугу (профессордук-окутуучулук курамдын сапаты);
- студенттердин кызыкчылыктары жана аларга билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн натыйжалуулугу;
- окутуучулардын жана студенттердин илимий-изилдөө иштери;
- каржылоо жана финансылык туруктуулук.

## 2. Ички аккредитациялоонун түрлөрү жана ыкмалары

2.1. Ички аккредитациялоону жүргүзүүдө баа берүүнүн негизги ыкмалары болуп төмөнкүлөр саналат:

- материалдык-техникалык, маалыматтык-китепкана базасынын жана социалдык камсыздоо объекттеринин билим берүү уюмдарына коюлган учурдагы квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүн визуалдык текшерүү;
- университеттин бөлүмдөрүнүн иш кагаздарын изилдөө жана талдоо (анын ичинде илимий-изилдөө иштерин, окуу, уюштуруу жана тарбия процесстери пландоо, документтерди эсепке алуу, сактоо жана эрежеге ылайык берүү);
- окуу процессинин жана илимий-изилдөө ишинин көрсөткүчтөрүн талдоо;
- билим берүү процессинин катышуучуларын тандап сурамжылоо;
- ички аккредитациялоо комиссиясынын эксперттеринин сабактарга тандап катышуусу;
- билим берүү процессинин катышуучулары менен сүйлөшүүлөр;
- студенттердин билимин контролдоо тесттерин өткөрүү (жазуу, оозеки, тест, окуунун техникалык каражаттарын колдонуу менен);

2.2. Билим берүү программасына ички аккредитациялоону ишке ашырууда аккредитациялык экспертизанын төмөнкү түрлөрү жүргүзүлөт:

- билим берүү программалары боюнча студенттерди даярдоонун мазмунунун жана сапатынын мамлекеттик жана ЖАМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарына жана билим берүү программаларын аккредитациялоонун критерийлерине жана стандарттарына ылайык келүүсүнө экспертиза жүргүзүү;
- институционалдык аккредитациянын критерийлерине ылайык билим берүү программасынын статусун аныктоого зарыл болгон натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнө экспертиза жүргүзүү.

## 3. Ички аккредитациянын эксперттик комиссиясы

3.1. Билим берүү программаларына ички аккредитациялык экспертиза жүргүзүү үчүн университет жогорку окуу жайлардын, иш берүүчүлөрдүн, илимий мекемелердин, жогорку окуу жайларын башкаруу органдарынын, кесиптик коомдордун жана чыгармачыл бирикмелердин, кызыкдар ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин өкүлдөрүнөн турган эксперттик комиссияны түзөт. Комиссиянын курамы жана саны ар бир адистикке/багытка тармагы боюнча бир эксперт принцибинин негизинде аккредитациядан өтүп жаткан программалардын санына жараша болот.

3.2. Ички аккредитациялоо комиссиясынын курамы университеттин буйругу менен жыл сайын же билим берүү уюмун жана программаларын мамлекеттик аккредитациялоо башталганга чейин 6 айдан кечиктирбестен бекитилет.

## 4. Ички аккредитациялоону жүргүзүүнүн тартиби

4.1. Аккредитациядан өтүү ушул Жобо менен аныкталган университеттин бардык билим берүү бөлүмдөрү үчүн бирдей шарттарда жана негизде иш жүзүнө ашырылат.

4.2. Ички аккредитациялык экспертизаны өткөрүү мөөнөтү 2 айдан ашпайт.

4.3. Ички аккредитациялоонун жүрүшүндө эксперттик комиссия төмөнкү багыттар боюнча көрсөткүчтөрдү белгилейт жана баалайт:

- КМШнын жана ЕврАзЭСтин бирдиктүү (жалпы) билим берүү мейкиндигине Кыргыз Республикасынын мүчөлүгүн эске алуу менен билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын аткарылышын белгилөө жана баалоо;
- окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө, финансылык-экономикалык, уюштуруу-тарбиялоо ишмердүүлүгүнүн, кадрдык потенциалын, материалдык-техникалык базанын, китепкананын жана маалыматтык-методикалык камсыздоонун абалын аныктоо жана талдоо;
- тиешелүү деңгээлдеги билим берүүнүн жана адистиктердин/багыттардын мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана ЖАМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарын ишке ашыруу боюнча университеттин ишинин натыйжалуулугун аныктоо жана талдоо;
- билим берүү программаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу, өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишмердүүлүгүнүн планын аныктоо;
- билим берүү бөлүмдөрүнүн ишин жакшыртуу боюнча конкреттүү иш-чаралардын жана аныкталган кемчиликтерди четтетүү планын аныктоо;
- билим берүү мекемесин жалпы же айрым программалар боюнча мамлекеттик аккредитациялоого даярдыгынын даражасын аныктоо.

## 5. Эксперттик комиссиянын корутундусу

5.1. Билим берүү программаларына экспертиза жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча эксперттик комиссия ички аккредитациялоо жөнүндө корутунду даярдайт.

5.2. Корутундунун негизинде эксперттик комиссиянын төрагасы аны университеттин административдик кеңешинин талкуусуна коёт. Ошондой эле рейтингдик системаны колдонуу менен адистерди даярдоонун жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын мүнөздөгөн эң маанилүү көрсөткүчтөр бааланат.

5.3. Адистиктин/багыттын тигил же бул билим берүү программасы боюнча ички аккредитациялоо жөнүндө оң чечим кабыл алынат, эгерде:

- билим берүү программасын ишке ашырууда программалык аккредитациялоонун стандарттарына жана критерийлерине, институционалдык аккредитациялоо критерийлерине жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жооп берсе.
- студенттердин 90%дан кем эмеси катышкан контролдук тестирлөөнүн (билимди текшерүүнүн башка формалары) жыйынтыктары боюнча, катышуучулардын 60%дан кем эмеси оң баа алган учурда;

5.4. Билим берүү программасын ички аккредитациялоо жөнүндө терс чечим программалык аккредитациялоонун стандарттарына жана критерийлерине, институционалдык аккредитациялоо критерийлерине жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана ЖАМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келбеген учурда кабыл алынат.

5.5. Эгерде билим берүү программаларын ички аккредитациялоо жөнүндө чечим терс болсо, эки айдан эрте эмес мөөнөттө кайрадан аккредитациялоо өткөрүлөт.

5.6. Ички аккредитациянын жыйынтыгы университеттин Окумуштуулар Кеңешинин отурумунда жамаатка сунушталат.